КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги IV сессиясынын №12/4-9 ТОКТОМУ

17-февраль, 2025-жыл — Талас шаары

**Депутаттардын Талас шаардык кенешинин 19.07.2023-жылдагы №191/26-8 токтомунун 1-2-пункттарын жокко чыгаруу жана муниципалдык жер тилкелерин жеке менчикке сатуу, муниципалдык токой фондусунун жер тилкелерин ижара шартында убактылуу пайдаланууга берүүгө тыюу салуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаарынын мэриясынын 28.11.2024-жылдагы №01-19/3592 сандуу каты жана Талас шаардык Прокуратурасынын 25.11.2024-жылдагы №А24/168-07-00129 сандуу Каршылык билдирүүсүнүн негизинде, Талас шаардык кенешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 5-пункту, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 19-беренеси жана Талас шаардык кенешинин Регламентинин 2-бөлүмүнүн 2.2 пунктунун 1-пунктчасын жетекчиликке алып, муниципалдык менчикти пайдаланууга көзөмөлдү ишке ашыруу максатында, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Депутаттардын Талас шаардык кенешинин 19.07.2023-жылдагы №191/26-8 токтомунун 1-2-пункттары жокко чыгарылсын.
2. Талас шаарынын аймагындагы муниципалдык жер тилкелерин жеке менчикке сатууга жана муниципалдык токой фондусунун жер тилкелерин ижара шартында убактылуу пайдаланууга берүүгө 2026-жылдын 1-мартына чейин тыюу салынсын.
3. Токтомдун 3-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилип,- Ушул токтом Талас шаарынын муниципалдык токой фондусунан буга чейин ижарага берилген жер тилкелерине жана жарандардын жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актыларында көрсөтүлгөн жер аянтынан иш жүзүндөгү - деген жеринен “250,0 кв.метрден ашпаган” - деген сөз кошулуп, андан ары - ашыкча жер тилкелерин мыйзамдаштыруу максатында сатылышына жайылтылбайт-деп улантылып окулсун.

4. Кабыл алынган  токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын  укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы  Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева.А.Ж.) милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Изабеков.Ч.З.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**